# Омур баян

(04.04.1938 – 10.12.2010)

Жумуруятыбызга белгилуу инсан, коомдук жана мамлекеттик ишмер Акматов Жусупбек Акматович 1938-жылдын 4-апрелинде Аламудун районунун Арашан айылында колхозчунун уй-булосундо туулган. Ал Фрунзе шаарындагы А. С. Пушкин атындагы №5 мектепти аяктаган сон, 1956-жылы Кыргыз Мамлекеттик Университине кирип, юридикалык факультетин бутурган.

Эмгек жолун 1961-жылы Сокулук райондук прокуратурасында стажер, кийин тергоочу болуп баштаган.

1963-жылы Фрунзе шаарындагы Ленин райондук ички иштер болумуно тергоочу болуп которулуп, андан кийин Фрунзе шаарынын ички иштер башкармалыгында ага тергоочу, ички иштер министрлигинде оперуполномоченный болуп иштеген.

Ошол кезде Жусупбек Акматович кесиптештерине жана жетекчиликке ак ниет, демилгелуу, кызматка болгон ан-сезимдуу касиети менен жагып, 1967-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин аппаратына жиберилип юридикалык болумуно консультант болуп дайындалат. Коп отпой ага консультант, болумдун башчысы болуп дайындалат.

1972-жылы Кыргыз ССРинин Жогорку Советтин сессиясында ал Жогорку Соттун судьялыгына шайланып, Кыргыз ССРинин Жогорку Соттун Президиума жана Пленумга протест проектерин даярдайт.

1975-жылы ал партиялык кызматка жонотулуп, Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин административдик органдар болумуно башчынын орун басары, анан болумдун башчысы болуп дайындалган.

1978-жылы Кыргызстан Компартиясынын Борбордук Комитетинин Бюронун чечими менен ал КПСС Борбордук Комитетинин Коомдук Илимдер Академиясына окууга сунушталып, 1980-жылы окууну артыкчылык диплому менен аяктаган. Ошол эле жылы катсабаты бийик, турмуштук жана саясий жактан такшалган Жусупбек Акматович Ош областынын Жалал-Абад шаарынан Кыргыз ССРинин Жогорку Советине депутаттыкка шайланат. 1985-жылы ошол эле округ боюнча депутат болуп экинчи моонотко шайланат.

1980-жылы Академияны бутургон сон, ал СССРдин КГБсынын Москва шаарындагы Башкы Инспекторлук башкармалыгынын жооптуу кызматына дайындалат. Кийин Ж. Акматов Кыргыз ССРинин Мамлекеттик Коопсуздук Комитетинин Председателинин 1-чи орун басары болуп дайындалган.

1982-жылы ал республиканын Ички Иштер Министрлигинин Министири болуп дайындалып, 1987-жылы генерал-майор Жусупбек Акматов оз отунучу менен СССРдин ички иштер министрлигине караштуу Фрунзедеги милициянын атайын орто мектебине окутуучу болуп которулган.

1991-жылы озгочо дисциплиналар кафедрасынын жетекчи кызматынан, ал «Динамо» спорттук коомунун торагасынын 1-чи орун басары болуп шайланган. Ошол

эле убакытта Бишкектеги милициянын Жогорку мектебинде окуутучу болуп эмгектенген.

1994-жылы ички иштер мининстрлигинин кадрларды даярдоо Борборунун начальниги болуп дайындалган.

1999-жылдан 2010-жылга чейин генерал-майор Жусупбек Акматович ИИМдин Академиясынын доценти болуп эмгектенген.

Укук коргоо жана коопсуздук органдардын жетекчи кызматында журуп, мыйзамдардын проектилерин даярдаганга катышкан. Кыргыз ССРинин Жогорку Советинин аппаратында иштеп, ал Кыргыз ССРинин Уй-було кодексин, Кылмыш кодексин жана башка мыйзамдарды иштеп чыккан. Юрист жана мугалим катары укук коргоо органдардын адистерин тарбиялаганга жана даярдаганга чон салымын кошкон.

Прокуратура, сот, коомдук коопсуздук жана укук коргоо органдардын проблемаларын жана спецификасын терен билген, ал Ички Иштер Министирлигинин жана башка органдардын кызматкерлеринин чон урмат-сыйына, кадыр – баркына жеткен.

Мекен алдында, эл алдында синирген эмгеги учун СССРдин «Ардак Данк» ордени, коптогон СССР Окмотунун, Кыргыз Республикасынын жана чет элдик медалдары менен, жана данк грамоталары жана баалуу белектер менен сыйланган.

Элдик билимдин отличниги жана Кыргыз Республикасынын алдында озгочо артыкчылыгы бар пенсиянери.

«Генерал-майор» наамы 4-ноябрь 1983-жылы ыйгарылган.

Улуту кыргыз, уй-булоолуу, 4 балалуу.